Бекитемин

КМЮАнын ректору
профессор
К. Керезбеков

_____

«___»_____2012-ж.

Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы жөнүндө

ЖОБО

Бишкек - 2012

1. Жалпы жоболор

1. Жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү түрдө мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы менен аяктайт.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн (КМЮАнын) мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы жөнүндө Жобо жогорку кесиптик билим алуунун бардык түрлөрү боюнча окуп жаткандарга тиешелүү.

3. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын максаты КМЮАнын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик милдеттерин аткарууга болгон даярдык деңгээлин жана жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайыктуулугун аныктоо болуп саналат.

4. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын курамына кирген аттестациялык сынагына КМЮА тарабынан жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык иштелип чыккан негизги билим берүү программасын толук өздөштүрүп, ийгиликтүү аяктаган студенттерге уруксат берилет.

5. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын белгиленген бардык түрлөрү боюнча жыйынтыктоочу сыноолорунан өткөн шартта бүтүрүүчүгө ылайыктуу кесиптик квалификация же академиялык даража ыйгарылат жана жогорку кесиптик билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

2. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун түрлөрү.

1. Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген адистик/багыттар боюнча окуу пландары жана мамлекеттик стандарт менен аныкталган бир нече аттестациялык сыноолордон турат.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун түрүнө төмөнкүлөр кирет:

- бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо;
- мамлекеттик сынак.

Милдетттүү түрдөгү жыйынтыктоочу аттестациясынын тизмеси жогорку кесиптик билим берүү стандарты аркылуу аныкталат.

2. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер жогорку кесиптик билим берүүнүн белгилүү бир тепкичине ылайык формаларда аткарылат:

- бакалавр академиялык даражасы үчүн – бакалаврдын бүтүрүүчү иши формасында;
- адис квалификациясы үчүн – дипломдук иш формасында (долбоор);
- магистр академиялык даражасы үчүн – магистердик диссертация формасында.

3.Бакалаврлардын бүтүрүүчү иштери аткарылган курстук иштерди жана долбоорлорду жалпылоого негизделиши мүмкүн жана теориялык окутуунун аяктоочу мезгилинде коргоого даярдалат.

Адистерди жана магистерлерди даярдоодогу негизги билим берүү программаларын аяктоо боюнча аткарылган бүтүрүүчү квалификациялык иштер реценцияланууга тийиш.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темасы профилдери жакын кафедралар аркылуу аныкталат. Студентке бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темасын өзү тандоого, а түгүл өз темасын сунуш кылууга да укук берилет. Кесиптик билим берүү программаларын аяктоо боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштер милдеттүү түрдө реценцияланууга тийиш.

Рецензенттердин курамы кафедра башчыларынан турат жана ректор(окуу иштери боюнча проректор) тарабынан бекитилет. Рецензенттер катары КМЮАнын же башка окуу жайларларынын окутуучулары, ишкана, мекеме, уюмдардын адистери да тартылышы мүмкүн.

Мамлекеттик сынактардын программалары (айрым дисциплиналар боюнча, адистиктер боюнча жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык сынак ж.б.у.с.) бүтүрүүчү аттестациялык сыноолорду баалоо критерийлери КМЮАнын окуу-методикалык кеңеши тарабынан бекитилет.

3. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын курамын түзүү.

1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын негизги функциялары төмөнкүлөр болуп саналат:

- бүтүрүүчүнүн даярдыгынын жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандарттарына ылайыктуулугун жана даярдык деңгээлин аныктоо;
- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы, кесиптик квалификациялык же академиялык даражаларды ыйгаруу жана бүтүрүүчүгө жогорку кесиптик билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү боюнча чечим кабыл алуу;
- мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишинин негизинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуштамаларды иштеп чыгуу;

2. КМЮАнын бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү үчүн ар бир багыт жана адистик боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиянын курамын комиссиянын ишинин башталашына 1 ай калганда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бекитүү үчүн жиберилет.

КМЮАнын сунушу боюнча бир нече мамлекеттик аттестациялык комиссия жогорку кесиптик билим берүүнүн бир негизги билим берүү программасы боюнча бекитилиши мүмкүн.

Мамлекеттик аттестациялык комиссия бир календарлык жыл бою иштейт.

3. Мамлекеттик аттестациялык комиссия ар бир адистик (багыт) үчүн окутуунун бардык формалары боюнча курамында төрага жана комиссия мүчөлөрү (5тен кем эмес) менен түзүлөт.

4. Мамлекеттик аттестациялык комиссия КМЮАнын профессордук-окутуучулук курамынан жана илимий кызматкерлеринен, ошондой эле тышкары жактагы уюмдардан чакырылган: ишкана, мекеме, уюмдун адистери, башка жогорку окуу жайларынын жетектөөчү илимий кызматкерлери жана окутуучуларынан түзүлөт.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишин уюштурган жана контролдук кылган, бүтүрүүчүлөр тарабынан коюлган талаптардын бирдиктүүлүгүн камсыз кылып турган төрага башкарат.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы КМЮАда иштебеген, ылайык профилдеги илимдин доктору, профессор, а болбосо илимдин кандидаты же ишкана, уюм, мекеменин чоң адиси болушу керек.

4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн тартиби.

1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши академиянын окуу процессинин окуу планы жана графигине ылайык мөөнөттө жүргүзүлөт.

Аттестациялык сыноолорду жүргүзүүнүн формасы жана шарттары студенттерге жыйынтыктоочу аттестация башталганга чейин 15 күн мурда жеткирилиши керек.

МАКтын ишинин жүгүртмөсү ал башталганга чейин бир ай мурда деканат тарабынан түзүлүп, ректор (окуу иштери боюнча проректор) тарабынан бекитилет.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиясына иш башталганга чейин факультеттин деканаты тарабынан төмөнкү документтер берилүүгө тийиш:

- студенттердин МАКты тапшырууга кирүү укугу жөнүндө буйрук;
- МАКтын курамын бекитүү жөнүндө буйрук;
- МАКтын ишинин жүгүртмөсү;
- студент тарабынан окуу планынын аткарылышы теориялык дисциплиналар, курстук иштер, практиканын бардык түрлөрүнүн аткарылышы боюнча жыйынтыкталган ведомость;
- дипломдук ишке карата жетекчисинин баасы ;
- дипломдук ишке карата рецензия.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды тапшыруу жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерди коргоо анын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес курамынын катышуусу менен МАКтын ачык отурумдарында жүргүзүлөт.

2.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген аттестациялык сыноолордун кайсы түрүнүн жыйынтыгы болбосун “эң жакшы”, “жакшы”, “канааттандырарлык” деген баалар менен белгиленет,

аттестациядан кийин ошол эле күнү жарыяланат жана белгиленген үлгүдө аттестациялык комиссиянын отурумунун протоколу менен таризделет.

3. МАКтын МА тапшыргандагы иштеринин баасы жана билими, ошондой эле квалификация ыйгаруу жана диплом (артыкчылык же катардагы) чечими МАК тарабынан жабык отурумда ага катышкан комиссиянын көпчүлүк мүчөсүнүн ачык добуш аркылуу кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

Комиссиянын отуруму күнүнө 6 сааттан ашпашы керек.

Студенттердин МАКка кирүү укугу.

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кесиптик программанын бири боюнча окуп, толук курсун бүтүргөн аралык контролдун бардыгын ийгиликтүү аяктаган адам ректордун буйругу менен киргизилет.

МАКка кирүүгө укук алган студенттердин тизмеси мамлекеттик аттестациялык комиссияга факультеттин деканы тарабынан берилет.

Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого аттестациялык сыноолордун башка бардык түрүнөн ийгиликтүү өткөндөр киргизилет.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн окутуу мезгили боюнча жыйынтыктоочу ведомостун түзүү.

Студенттин окуу планын аткаргандыгы теориялык дисциплиналар, курстук иштер, окуу, өндүрүштүк практика жана квалификация алдындагы практикаларды аткаргандыгы жөнүндө жыйынтыктоочу ведомость мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнө көрсөтүлөт.

Жыйынтыктоочу ведомостто студенттин жетишкендиги жөнүндө анык маалымат болушу керек. Бул мамлекеттик аттестацияда студенттин билимин так баалооого зарыл болуп саналат.

6. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын отурумунун протоколдору.

1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын отурумунун протоколдору билим берүү ишин пландоо, мониторинг жүргүзүү жана инновациялар бөлүмү тарабынан окуу бөлүмү тарабынан берилген тизмеге ылайык алдын ала даярдалат. Протоколдор номур коюлуп, көктөлөт.

Протколдор эки форма боюнча жүргүзүлөт: жыйынтыктоочу сынак тапшыруу, квалификациялык иштерди коргоо.

МАК учурунда отурумдун протоколу ар бүтүрүүчүгө өзүнчө толтурулат. Протоколдорду оңдоого кескин тыюу салынат. Аттестация бүткөндө отурумга катышкан МАКтын бардык мүчөлөрү кол коюп, протоколдор билим берүү ишин пландоо, мониторинг жүргүзүү жана инновациялар бөлүмүнө тапшырылат. Протоколдор менен катар аттестациянын жыйынтыгы жана аттестацияга катышпаган студенттердин саны жөнүндө маалыматтар да өткөрүлөт.

Протоколдордо так отчеттуулук документ катары сакталат.

7. Артыкчылык диплому.

1. Артыкчылык диплому дипломдун тиркемесине киргизилген сынактардын 75%ынан кем эмесин “эң жакшы” деген бааларга тапшырган, ал эми калгандарынан “жакшы” деген баа алган, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны жалаң гана “эң жакшы” деген бааларга тапшырган бүтүрүүчүгө берилет.
2. Жогорку билим берүүнүн эки тепкичтүү тутуму боюнча окуган бүтүрүүчүгө артыкчылык диплому кесиптик жогорку билим берүнүн толук программасын аяктаган шартта ылайык базалык билим берүүнү (бакалавр) жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны бардык тепкичте эң жакшы баалар менен аяктаган учурда берилет.

8. МАКты экинчи ирет тапшыруу.

1. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнү аяктап, бирок жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү станддарттарынын талаптарына жооп бере албаган студент, КМЮАдан чыгарылат. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон экинчи ирет өтүү (бир же бир нече) үй айдан кийин гана студентти кайра калыбына келтирген учурда дайындалат; ошондой эле биринчи аттестациялык сыноо өткөн учурдан беш жыл өткөндөн кийин гана дайындалат. Эгер бүтүрүүчү квалификациялык иш экинчи ирет жүргүзүлгөн аттестациялык сыноо болсо, анда студент үчүн жаңы тема белгиленет.

Экинчи ирет жүргүзүлгөн аттестациялык сыноолордон студент эки жолу гана өтө алат. Мамлекеттик аттестациядан эки жолу өтпөй калган учурда бүтүрүүчүгө белгиленген үлгүдө академиялык маалым кат берилет.

2. Беш жылдын ичинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына кирген аттестациялык сыноолордун тизмеси өзгөрсө, бүтүрүүчү эреже катары окуп жаткан жылдагы аттестациялык сыноолордун тизмеси менен өтөт.

3. Жүйөөлүү себептерден улам (медициналык көрсөтмөлөр боюнча же документ жүзүндө бекитилген башка өзгөчө учурларда) студенттер КМЮАдан чыгарылбай, аттестациялык сыноолордон өтүшү мүмкүн. МАКтын кошумча отуруму академия тарабынан белгиленген тартипте уюштурулат.

9. МАКтын отчету (иш баян)

МАКтын иши бүткөндөн кийин анын төрагасы отчет түзүп, эки жуманын ичинде билим берүү ишин пландоо, мониторинг жүргүзүү жана инновациялар бөлүмүнө эки нускада тапшырат. МАКтын төрагасынын

отчетунда төмөндөгүлөр: КМЮАдагы адистердин даярдык деңгээли, квалификациялык иштерин аткаруунун сапаты, квалификациялык иштердин тематикасынын азыркы илимдин абалына, өндүрүштүн талаптарына, МА учурунда көрүнгөн студенттердин билимине мүнөздөмө, кайсы бир дисциплина боюнча даярдыгындагы жетишпегендиктер көрсөтүлүшү керек: Отчетто ошондой эле адистерди даярдоону мындан ары өркүндөтүүгө сунуштамалар берилет.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын академия тарабынан мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткаруу жана адистерди даярдоонун сапаты жөнүндө жыл сайын берилүүчү отчету КМЮАнын Окумуштуулар кеңешинде баяндалат жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы аяктагандан кийин эки айлык мөөнөттүн ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине тапшырылат.